К. АБДУЛЛАЕВА, А. АЛИКУЛОВА,
С. РАХМАНБЕКОВА

# АДЕП

*Өзбекстан Республикасынын Элге билим берүү министрлиги тарабынан басууга сунуш кылган*

*Жалпы орто билим берүүчү мектептердин 2-классы үчүн окуу китеби*

*Кайра иштелген жана толукталган 3-басылышынан котормо*

«O‘ZBEKISTON» БАСМА-ПОЛИГРАФИЯЛЫК ЧЫГАРМАЧЫЛЫК ҮЙҮ
«O‘ZBEKISTON MILLIY ENSIKLOPEDIYASI» МАМЛЕКЕТТИК ИЛИМИЙ БАСМАСЫ
ТАШКЕНТ — 2010

74.200.51
A12

**Республикалык максаттуу китеп фонду эсебинен ижара үчүн басылды**

Жооптуу редактор:
профессор **Сафа Ачыл**

Рецензенттер:
ф.и.к., Республикалык Руханиятты үгүттөө борборунун башчысынын орунбасары **Султанмурат Алым**,
Республикалык Билим берүү борборунун «Социалдык илимдер»бөлүмүнүн башкы методисти **Фатима Халмырзаева**,
Өзбекстан Республикасынын Эл мугалими **Мунаввара Базарбаева.**

**Абдуллаева К. жана башкалар.**
АДЕП: 2-класс үчүн окуу китеби. 3-басылышынан котормо (авторлор: К. Абдуллаева, Х. Аликулова, С. Рахманбекова) Т.: «O'zbekiston» басма-полиграфиялык чыгармачылык үйү — 2010. —80 б.
Ушул басылмага тиешелүү укуктар коргоого алынат жана басмага таандык. Андагы текст жана сүрөттөрдү басманын уруксатысыз толук же бөлүктөргө бөлүп көчүрүп басууга тыюу салынат.
**BBK 74.200.51**

**QUMRI ABDULLAYEVA, HABIBA ALIQULOVA, SITORAXON RAHMONBEKOVA**

# ODOBNOMA

2-sinf uchun darslik
*(Qirg'iz tilida)*


«O'zbekiston» nashriyot-matbaa ijodiy uyi.
«O'zbekiston milliy ensiklopediyasi» Davlat ilmiy nashriyoti.
Toshkent 100129. Navoiy ko'chasi, 30.

Которгон *Г. Тухтабаев*. Редактору *А. Юнусалиева*. Көркөм ред. *Х. Кутлуков*.
Техн. ред. *Т. Харитонова*. Компьютерде даярдаган *Б. Душанова*

Басууга уруксат этилди 05.04.2010. Форматы 70 ×90 $^{1}/_{16}$. Офсеттик кагаз.
Арип түрү «Pragmatica». Офсеттик басма. Шарттуу басма табагы 5,85.
Басма табагы 6,47. Нускасы 946. Келишим № 10-583.

Өзбекстан басма сөз жана кабар агенттигинин «O'zbekiston» басма-полиграфиялык чыгармачылык үйүндө басылды. 100129. Ташкент шаары, Навайи көчөсү, 30.

ISBN 978-9943-01-036-9
© «O'zbekiston» БПЧҮ, өзгөртүүлөр менен, 2007-ж.
© «O'zbekiston» БПЧҮ, өзгөртүүлөр менен, 2010-ж.
© «O'zbekiston milliy ensiklopediyasi» МИБ, 2010-ж.



**Ардактуу балдар!**

Биз силердин бактылуу, таалайлуу болуп өсүп-чоңоюшуңарды өтө-өтө каалайбыз. Анткени силер эгемендүү Өзбекстан деп аталган куттуу өлкөдө жашап, чоңоюп жатасыңар. Мекенибиздин татыктуу перзенттери болуу үчүн жакшы окушуңар, көп нерселерди билүүгө аракет кылышыңар керек. Адептүү, эмгекчил болсоңор бардык иштерди өз убактында аткарууга үлгүрөсүңөр.

Ата-энеңерди, устат-тарбиячыларыңарды урматтагыла. Алардын айткандарын жан

дилиңер менен аткаргыла. Досторуңарга мээримдүү жана этибарлуу болгула. Бирибириңер менен өз ара мамиледе сылык болууга адаттангыла

Карагылачы, биз кандай көркөм өлкөдө жашайбыз. Табият эне сыяктуу мээримдүү. Аны ардактагыла, сүйгүлө. Айланага көз чаптыргылачы, арыкта аккан суу айрыкча жашообуз үчүн өтө зарыл. Аны бөөдө ысырап кылбагыла. Жаныбарларга, канаттууларга мээримдүү болуп, аларды абайлагыла.

«Адеп» китебинде көптөгөн жакшы нерселер жазылган. Анда бизден мурда жашап өткөн ата-бабаларыбыздан калган накыл сөздөр, жомок жана уламыштар бар.

Ошондуктан улуу инсандар: «Китеп — казына, билим — байлык» — деп айтышкан. «Адептүү бала элге жагат» — деген макалды жаттап алгыла жана ага амал кылгыла.

Ардактуу окуучулар, кунт коюу жана чыдам менен билим алгыла. Үйрөнүп алганыңарды ини жана карындаштарыңарга да айтып бергиле.

Китеп, дептер, окуу куралдары жана башка буюмдарыңарды иреттүү, таза кармагыла. Биз айткандарга амал кылсаңар силерден ыраазы болобуз. Аман болгула!

# I. СҮЙЛӨШҮҮ АДЕБИ



Жакшы сөзгө жылан ийининен чыгат.

* * *

Жакшы сөз ааламды жарытат.
Жаман сөз дүйнөнү тарытат.

* * *

Сен деген сенек сөз,
Сиз деген сылык сөз.

## СҮЙЛӨШКӨНДӨ КЕБИҢЕ КӨҢҮЛ БУР!

Окуучу, адептүүлүк менен сүйлөшүүгө умтул. Алдыңда кандай жаштагы адам турганын эсепке алган түрдө, жагымдуу сүйлөөгө аракеттен. Улуулар сүйлөшүп жатканда эч качан сөзгө аралашпа.

Сөздөн сөздүн айырмасы бар. Ар бир сөздү ололу ойлоп, андан соң сүйлөөгө адаттан.

Эгерде сенден бир нерсе жөнүндө сурашса сылыктык менен жооп бер. Суроо берген адам сен жөнүндө жакшы ойдо кала тургандай болсун. Кебиңе көңүл буруп сүйлө, бир сөздү кайра-кайра кайталаба.

Эч убакта жалган сүйлөбө, акыбети жаман болот, өзүң уялып калышың мүмкүн.

Айланаңдагыларды менсинбестик эң жаман адат. Мактанчаактык андан да жаман жорук.

Бир несе сурамакчы болсоң, адептүүлүк менен: «Сураныч» — деп кайрыл. Эгерде сага китеп же башка бир белек беришсе, жылмайып, «Ыракмат» деп айт.

Кичипейилдик менен сүйлөгөн адамды бардыгы угат. Сөзүңдү угушуп, кубанышат.

**Суроолор:**

1. Сүйлөшүү адеби эмнелерден турат экен?
2. Адептүүлүк менен сүйлөгөндө эмнелерге көңүл буруу керек?

**Тапшырма:**

Жагымдуу сүйлөшүүгө адаттан.

*Диларам Шукурова*

## ШИРИН СӨЗ

Энем «сөзүң ширин болсун балам», — дейт. Чындап эле сөз да ширин болобу? — деп сурады Жамила апасынан.

— Ооба, Жамила, сөз да ширин болот, жагымдуу сүйлөсөң, уккан адам кубанат.

— А мен болсо момпосуй, канттар гана ширин болот, — деп ойлопмун.

— Жок, кызым, андай эмес, — деди апасы жылмайып.

Жамила апасына:

— Апа, анда ачуу сөз да болобу?

— Албетте, ачуу сөздөр да болот. Жагымсыз сөздөр ачуу болот. Адамдар мындай сөздөрдү укканда капа болушат.

— Апаке, мен да энем айткандай ширин сөздүү кыз болом.



— Азаматсың Жамила, сөзсүз жакшы сөздөрдү үйрөн, ошондо сени да «ширин кыз» дейбиз.

Жамила сүйүнүп кетти.

**Суроолор:**

1. Жамила апасынан эмнелерди сурады?
2. Апасы ага эмнелерди айтты?
3. Эмне үчүн Жамиланы «ширин кыз» деп эркелетишет?

*Талип Жолдош*

## ЖАКШЫ СӨЗ

Сүйлөгөндө «сиз» деп сүйлө,
«Сен» дебе.
Ар кимди эле сен өзүңө
теңдебе.
Улуу-кичүү деген бизде,
сөзүбүз бар.
Алдыңда ким турат,
көрчү көзүбүз бар.

Урмат деген сөз бар элде,
эсиңде тут.
Чалды-куйду сүйлөгөндү
кылгын унут.

### Тапшырмалар:

1. Ырды жатта.
2. Досторуң менен сылык сүйлөшүүгө адаттан.

### Бөлүм боюнча тапшырмалар:

1. Дептериңе Күндүн сүрөтүн сыз.
2. Күндүн нурларынын ичине үлгүдө көрсөтүлгөндөй кылып жакшы сөздөрдү жаз.



# II. АТА-ЭНЕ — КАДЫРЛУУ ЖАНА ЫЙЫК ИНСАНДАР



*Элбек*

Ата-эне дөөлөтүң,
Жарык нуруң, сөөлөтүң.
Ата сөзү мазмундуу,
Уккан болот бактылуу.

Эне кымбат, ыйык жан,
Мээрими кең дайрадай.
Уул-кыз муну билет,
Ага амандык тилеп.

## АТА-ЭНЕГЕ УРМАТ

Ата-эне перзенттери үчүн эң кадырлуу жана ыйык инсандар болуп саналышат.

Аларды урматтоо, асырап-абайлоо перзенттердин милдети болуп эсептелет. Ата-эненин айткандарын дароо аткаруу, алардын көңүлүн көтөрүү ар бир уул-кыздын милдети. Ата-эне перзентине үлгүлүү кулк жана адеп үйрөтөт. Ата-энеңдин уруксатысыз алыс жерлерге кетпе, аларга калп айтпа, дайыма сылык сүйлө. Чоң ата, чоң эне, ата-эне жана үй-бүлөдөгү улуу жаштагылар дасторкондун төрүндө отуруулары, уул жана кыздар болсо алардын кызматында болуулары зарыл. Элибиздин үрп-адаттарына амал кылуу, улууларга урмат, кичүүлөргө ызаат көрсөтүү керек. Үйдө жана мектепте жакшы тарбия алып, үлгүлүү кулк-мүнөздөрдү өздөштүрсөң, ата-энеңе алкыш келтиресиң.

**Суроолор:**

1. Үлгүлүү кулкка ээ болуу үчүн эмне кылуу керек?
2. Кандай иштерди жасасак ата-энелерибиз сүйүнүшөт?

*Кавсар Турдиева*

## ЖЫЛМАЮУ

Апама да, атама да
Күлүп караймын дайым.
Апама да, атама да
Жагам, турсам жылмайып.

Көчөбүздөн өткөндөргө,
Салам беремин күлүп.
Баары ушундай кылса кана,
Жүрбөсө кабак түйүп.

Жолукканда бир-бирине,
Күлүп гана карашса.
Кандай сонун кимдир кимге
Шаттык, бакыт таратса.

**Суроолор:**

1. Бала ата-энесин кандай сөздөр айтып кубантты?
2. Сен эртең менен ата-энеңе эмне дейсиң?

**Тапшырма:**

"Конституция алиппеси" китебинен "Бул — биз" деген текстти оку.

*Хикматай Разыкова*

## АПА, КЕЧИРИҢИЗ!

Акмат көчөдө достору менен ойноп жүрүп үйгө кеч кайтты. Апасы тынчсызданып отурган экен. Ал апасынын абалын көрүп оңтойсузданды да:

— Апа, мени кечириңиз, эми кеч калбаймын — деди. Апасынын жүзү бир аз жарышып:

— Акмат, уулум, сен акылдуу баласың, мен сага ишенем, — деди.

**Суроолор:**

1. Акмат эмне үчүн апасынан кечирим сурады?
2. Сен кандай учурларда, кимдерден кечирим сурагансың?

**«Үлгүлүү бала» деген темада чакан аңгеме түз.**

План:

1. Үлгүлүү бала кандай болот?
2. Алардын кайсы сапаттары сага жагат?
3. Сен кандай ишиң менен үлгү көрсөткөнсүң?

## Макалдар

Ата-энесин сыйлаган,
Элинде баркы көп болот.

* * *

Улууларга урматта,
кичүүлөргө ызаатта бол!

* * *

Жакшы кыз — жакадагы кундуз,
Жакшы уул — көктөгү жылдыз.





**Суроолор:**

1. Сүрөттөгү жагдайларга кандай баа бересиң?
2. Сен апаңа кайсы үй жумуштарында жардам бересиң?

*Санъат Махмудова*

## АДЕБИҢ — КӨРКҮҢ

Кыз балдар үй-бүлөнүн көркү жана сыймыгы болуп саналат. Кулк-мүнөзү жакшы, сөзү ширин кыздарды көрүп, суктанабыз. Кызы бар үй дайыма таза, иреттелүү болот. Адептүү кыздардын окуулары да эң жакшы болот.

Татынакай уз, колу ширин кыздарды билем. Алар өздөрүнүн таланты, чыгармачылдыгы, эмгекчилдиги менен «Зулфия» атындагы Мамлекеттик сыйлыкка жана «Нихол» сыйлыгына татыктуу болушкан. Мындай кыздарды ар тараптан өнүккөн, жеткилең жаштардын катарына кошуу мүмкүн.

**Суроолор:**

1. Кыз балдар кандай сапаттарга ээ болуулары керек?
2. Сен жашаган шаар, кыштакта «Зулфия» атындагы Мамлекеттик сыйлыкка татыктуу болгон кыздар барбы?
3. Сенин классыңда, мектебиңде да талантуу кыздар барбы?

**Тапшырмалар:**


1. Кыз балдардын мамилеси жөнүндө мисалдар келтир.
2. «Ыраазымын», «Куш келиңиз» сыяктуу сөздөрдү катыштырып сүйлөмдөр түз.

## БАЛДАРДЫН АДЕБИ

Балдар акылдуу, зээндүү, эр жүрөк, мээримдүү болушат. Алар жакшы окушу, эмгекчил болуулары зарыл.

Үй-бүлөдөгү оор жумуштарды уул балдар аткарышат. Алар көп сүйлөбөйт, улууларды урматташат, кичүүлөргө жардам беришет жана ар кандай жумушта үлгү көрсөтүшөт.

Балдар келечекте Мекенди коргошот. Ошондуктан жаштайынан эр жүрөк, баатыр жана күчтүү болуулары керек.





*Искандар Рахман*

## МЕКЕН — МЭЭРИМ КОРГОНУ

Ата Мекендин көркү —
Сыймыгы эр жигиттер!
Эл башына иш түшсө
Куткараары жигиттер!

Эсен болсун дайыма
Эр жүрөк, март жигиттер!
Таманынан от чыккан
Өзү калкан жигиттер!

Мекен — мээрим коргону,
Ыйман анын калканы.
Эр жигиттер мекендин
Коргоочу намыс-ары.

**Суроо:**

Эр жүрөк жигиттер кандай болуулары керек?

**Тапшырма:**

Ырды көркөм оку.

*Мырза Хамдам*

## ШАКИРТТИК АДЕБИ

Устаттарга шакирт болуу — чоң бакыт. Бирок шакирт устатынын алдында шакирттик адебин сактоосу керек. Булар:

— шакирттин устаттын алдында өзүн кичипейил тутуусу;

— устаттын бардык тапшырмаларын толук аткаруусу;

— устаттын сөздөрүн кунт коюп угуусу, түшүнбөй калганда кечирим сурап, түшүндүрүп берүүлөрүн сурануусу;

— устатты ар дайым ыраазы кылуу үчүн тапшырманы сапаттуу жана өз убагында аткаруусу;

— эч качан калп айтпастыгы;

— устаттын көңүлүн оорутпастыгы керек.

## Макалдар

Акыл айга жеткирет,
Өнөр көккө жеткирет.

* * *

Атадан акыл, энеден адеп.

* * *

Акылдуу алдырбайт,
Өнөрлүү өлбөйт.


**Суроо:**

Эмне үчүн устатты ар дайым урматтайбыз?

**Тапшырмалар:**

«Конституция алиппеси» китебинден «Билим алуу укугу жана мыкты окуу милдети» темасын оку.

**Бөлүм боюнча тапшырмалар:**




1. Схемаларды дептериңе сыз.
2. Үлгү боюнча бош чакмактарды толтур.
3. Устатың жөнүндө айтып бер.

# III. АТА-БАБАЛАР МУРАСЫ — СЫЙМЫГЫБЫЗ



*Феруза Султанкулова*

Канча улуу ойчулардын мекени,
Каны-жаны сага тартуу перзенттердин.
Дүйнө элин суктандырган жергеси,
Өзбекстан өз энемсиң сен менин.

*Абдурахман Акбар*

## ЧОҢ АТАМДЫН АҢГЕМЕЛЕРИ

—Чоң ата, байыркы тарыхыбыз жөнүндө айтып бериңизчи,—деди Бакыт.

—Балам, өткөн замандарда Мекенибизге жоолор бир нече жолу кол салышкан. Эл тынчсыздыктан, ачкачылыктан жабыр тарткан. Бирок өз Мекенин коргоо үчүн астейдил аракет кылышкан.

Өткөн замандарда өз Мекени үчүн күрөшкөн Тумарис, Шырак Нажмиддин Кубра, Жалалиддин Мангуберди, Амир Темур сыяктуу элдик каармандар болгон. Алар коркуу эмне экенин да билишпеген. Эр жүрөк, күчтүү бул инсандар элдин эркиндиги үчүн баатырларча күрөшүшкөн. Сен бул баатырлар жөнүндөгү китептерди сөзсүз оку. Алардын өмүр жолу сага үлгү болсун кулунум,—деп Бакыттын чоң атасы аңгемесин бүтүрдү.

**Суроолор:**

1. Мекенибиздин азаттыгы үчүн эрдик көрсөткөн инсандардан кимдерди билесиң?
2. Сен Мекенибиздин келечеги үчүн эмне кылмакчысың?

**Тапшырма:**

Ата-энеңден өткөн ата-бабаларың жөнүндө айтып берүүсүн сура.

## АТА-БАБАЛАРЫБЫЗ МЕНЕН СЫЙМЫКТАНАБЫЗ

Улуу ата-бабаларыбыздан Мырза Улукбек жылдыздуу асманды үйрөнгөн. Ал өзүнүн асман жөнүндөгү улуу ачылыштары менен жер жүзүндөгү окумуштууларды таң калтырган. Улукбек биринчилерден болуп жылдыздарды күзөткөн. Анын илимий ачылышына бүгүнкү күндө да бүткүл дүйнөлүк окумуштуулар жогору баа беришүүдө. Президентибиз Ислам Каримов Улукбек жөнүндөгү бир маекти эске алат:

... 1996-жылы Парижде ЮНЕСКО*нун ошол учурдагы башкы катчысы Федерико Майор мырза менен болгон бир маек эсине түшөт. Ошондо Майор мырза, Улукбектин илимий мурасын жогору баалап, «... анын жылдыздардын кыймылына таандык эсеп-кысаптары бүгүнкү күндө компьютердин жардамында текшерип көрүлгөндө болгону

*БУУнун Билим берүү жана маданият маселелери менен алектенүүчү уюм.

бир нече минутага айырмаланышы аныкталды», деген сөздү айтып калды. Анда мен ага жооп иретинде, «Жок Федерико Майор мырза, Улукбек ката кылган болушу мүмкүн эмес, тескерисинче, компьютер ката кетирген болушу мүмкүн»,— деген элем. Чындыгында бул достук маанайдагы тамаша түрүндө айтылган болсо да, анын негизинде терең чындык бар деп ойлойм.

**Суроолор:**

1. Мырза Улукбек бабабыз жөнүндө дагы эмнелерди билесиң?
2. Улуу бабаларыбызга татыктуу муун болуу үчүн эмнелер кылышыбыз керек?
3. Сенин оюңча, чоң ачылыштар кылуу, улуу инсан болуу үчүн кандай сапаттарды ээлөө зарыл?

## БЕШИК ЫРЫ — ЖАШОО ЫРЫ

Бешик ыры — тээ байыртадан бери энелерибиз тарабынан айтып келинген ыр. Эне өз баласына эң аруу тилектерин тилейт. Жагымдуу сөздөрдү айтып, аны эркелетет, алдейлейт. Бешик ырын уккан бөбөк жагымдуу күүнү угуп уктап калат.

Бул дүйнөнүн сулуулугу, көркөмдүгү эненин бешик ырын айтуусу жана бөбөктүн бул ырдын ыргагынан жыргап эс алып жатканында көрүнөт. Мына ушул абалга карап: «Эне соолубаган булак, бала жакадагы курак», — деп айтышат.



## БЕШИК ЫРЫ

Илгери-илгери бир мезгилдерде чачтарына бубак баскан, көңүлү абдан жумшак бир кемпир болуптур. Ал бөбөктөрдү абдан жакшы көрүп, аларды өзүнүн бешик ыры менен тарбиялачу. Ошондуктан коңшу-колоң өздөрүнүн бөбөктөрүн Чоң эненин алдына алып келишчү экен.

Бул кыштакка жакын жердеги тоонун артында бир кара мүртөз жадыгер жашайт экен. Анын ниети жаман болуп, адамдарды, айрыкча балдарды коркутчу экен.

Күндөрдүн биринде Чоң эне бешик ырын айтып, бешик терметип отурса жакын жерден шырп эткен үн угулат. Бул ошол жадыгер болсо керек, деп ойлоптур да үнүн бийик көтөрүп бешик ырын ырдай баштаптыр:

Алдей бөбөк, алдей-ай,
Мага көмөк, алдей-ай.
Болгун менин тирегим,
Көрөөр көзүм, билегим.
Эр жүрөк болуп өскүн,
Жамандык жолун тоскун...

Жадыгер бадалдардын артында олтуруп, кандай ниетте келгенин да унутуп, бешик ырын жыргап тыңшаптыр. Көңүлүндө кандайдыр бир жылуу сезимдерди туюптур. Бешик ырын кайталап:

— Мынчалык жагымдуу болбосо бул ыр, мен мындайды өмүрүмдө уккан эмесмин, — дептир.

Мына ошентип, жадыгер ар күнү Чоң энеге жакын жердеги бадалдардын артынан туруп бешик ырын уга турган болуптур. Эми анын дилинде жамандык кылуу эмес, тескерисинче, адамдарга жакшылык кылуу сезими пайда болуптур.

**Суроолор:**

1. Адамдар Чоң энени эмне үчүн мынчалык жакшы көрүшөт экен?
2. Жадыгер эмне кылмакчы болот?
3. Бешик ыры анын дилинде эмнелерди пайда кылыптыр?

**Тапшырма:**

Тексттен бешик ырын таап оку.

**Бөлүм боюнча тапшырмалар:**

1. Чакмактардагы сөздөрдөн адепке таандык элдик макалдарды тап:

Адептүү

адам

бала

жагат

Адеп

элге

көркү

2. Адеп-ахлак жөнүндөгү макалдардан тап жана жаттап ал.

# IV. ЖАКШЫ САПАТ — МҮНӨЗ КӨРКҮ



## УЛУКМАН АКИМДИН УЧКУЛ СӨЗДӨРҮ

Балам, жаштык колдон учуп кетчү куш бил,
Ишти башта ойлоп, кийин мыктылап кыл.
Бүгүнкү ишти эртеңкиге калтырба,
Калган ишке калыңдатып кар жаашын бил.

* * *

Иште шашкалактыкка жол бербе.
Айткан сөзүңдү дагы кайталаба.
Улуулардан озунуп алдыга өтпө.
Адамдар сүйлөшкөндө кошулба.

*Талип Жолдош*

## ЖАКШЫ МЕНЕН ЖАМАН

Жакшы-жаман кандай болот,
ким айтат?
Жаман сөзү беделиңди
азайтат.
Кандай болуу бир өзүңдөн,
муну билгин.
Же жакшы бол, жаман бол,
камы кимдин?
Жакшы болуу өзүң үчүн
ойлоп кара.
Жакшы менен жаман сөзү
ак да кара.
Кара жугат, актан киши
качпаган эч.
Ак турганда, кел, карадан
таптакыр кеч!

**Суроо:**

1. Кандай иштерди жакшы, кандайларын жаман деп ойлойсуң?
2. Сен кандай сапаттарың менен жакшы балдардын катарында болмокчусуң?

*Санъат Махмудова*

# ЖОЛЧУ — КАЛПЫЧЫ



Жолчу жакшы бала, бирок бир кемчилдиги бар. Ал калп сүйлөгөнгө адаттанган. Жадагалса, ал апасын да алдаган.

Күндөрдүн биринде апасы:

—Жолчу уулум, күкүртүбүз түгөнүп калыптыр. Тез чуркап дүкөнгө барып кел,— десе, Жолчу каалабай гана ордунан туруп көчөгө чыгат. Жолдо курбусу Аскар батпирек учуруп жаткан экен. Жолчу ага суктанып карап турганда.

Аскар:

—Жүр, дөңсөөгө чыгып учурабыз,—деди. Жолчу аны ээрчиди. Апасы аны көпкө күтүп тажагандан соң, аргасыз, кошуналардан күкүрт сурап тамак жасады.

Күн кечтеди, балдардын курсагы ачты.

—Жүр, үйгө кетебиз,—деди Аскар.

Мына ошондо гана Жолчу дүкөнгө барышы керек экендигин эстеди жана чуркады. Дүкөндү жаап коюптур.

—Апа, дүкөн жабык экен,—деди Жолчу.

Апасы унчукпай эле ага тамак салып берди. Жолчу тамакты кыжаалатчылык менен жеди. Анан:

— Кечириң апа, эми эч качан жалган сүйлөбөйм, — деди.

Бир күнү мугалим окуучуларга:

— Ким Самаркандга барган? — десе, Жолчу:

— Мен барганмын, — деди.

— Абдан жакшы, анда көргөндөрүңдү айтып берчи, — деди мугалим.

Жолчу башын ийип туруп калды. Окуучулар күлүп жиберишти.

— Эми эч качан калп сүйлөбөйм, — деп Жолчу өзүнө сөз берди.

**Суроолор:**

1. Жолчу кандай ката кетирди?
2. Калпычылыктын кесепети эмне болот?

## Макалдар

Башта ойло, кийин сүйлө.

Чын сүйлө, айыбың жеңилдейт.

*Шүкүр Дадаш*

## СӨЗ БЕРДИҢБИ, АТКАР БАЧЫМ

Сөз бердиңби, аткар аны,
Шылтоо кылбай аны-муну.
Калп сөз айтуу жаман адат,
Болсо эгер мындай абал.
Арсыз, уят болуп калат,
Жалганчылык атын алат.
Ишенишпейт эч өзүнө,
Өзү тургай, бир сөзүнө.
Ошондуктан бир тилегим,
Элде калтыр зор ишеним.
Ойлоп сөз бер! Ук курдашым,
Сөз бердиңби, аткар бачым.

**Суроо:**

Акын балдарга кандай кеңеш берип жатат?

**Тапшырма:**

Ырды оку жана таасирлүү кылып айтып бер.

*Феруза Жалилова*

## ЧЫНЧЫЛДЫК

Чынчылдык менен адалдык инсандын эң жакшы сапаттарынан. Элибиз чындыкты сүйлө деп бекеринен айтпаган. «Жал-

гандын өмүрү кыска» деген накыл сөз бар.

Чынчыл адам тынч жүрөт. Ал эми жалганчынын тынчы болбойт. Анткени, ал жалган сөзүнүн билинип калуусунан коркот. Анын сөзүнө эч ким ишенбейт. Аны адамдар урмат кылышпайт.

«Калпычынын иши кыйын» деген сөздөрдү уккансыңбы? Калп айткандыгы үчүн ал ишенимден калган. Ошол себептен ал жардамга муктаж болгондо да адамдар ага жардам бербестиги мүмкүн.

**Суроо:**

Чынчылдык дегенде эмнени түшүнөсүң?

**Тапшырма:**

«Калпычылык — жаман жосун» экендигине мисалдар келтир.

## Макал

Жалганчыны сөзүнөн эмес, көзүнөн бил.
Калпычынын чын сөзү да жалган болот.

**Тапшырма:**

Макалдарды жатта.

# АДАЛДЫК

*(Рабаят)*

Өткөн замандарда бир айылда Адил жана Салим аттуу дыйкандар болгон экен. Адилдин дыйканчылык үчүн жери бар экен. Ал эми Салимдин жери да, суусу да жок экен. Балдарын түзүгүрөөк бага да албай, кыйналчу экен.

Адил досуна:

— Салим, мен сага жеримдин жарымын берем, — дейт. Бул сөздү уккан Салим сүйүнгөнүнөн ыйлап жибериптир. Мына ошентип, Салим да дыйканчылык кылууга киришет. Жерди абдан айдаптыр. Ошондо кетмени бир нерсеге тийиптир. Салим: «Мурда бул жерде дарак өскөн болсо, анын тамыры калып кеткен экен да», — деп ойлойт. Ал кетмен менен жерди каза баштайт. Бир мезгилде, ал жерден кумура чыгат. Аны ачып караса, ичи толо алтын экен. Дыйкан жердин калган бөлүгүн да айдап, үрөнүн сээп бүтөт. Андан соң кумурадагы алтынды көтөрүп досунун үйүнө барат. Ал досуна:

— Сен берген жерди айдап жатсам, мына бул кумура жердин астынан чыгып калды. Алтындар сеники болсо керек деп ойлоп, аны алып келдим, — деди. Адил:

— Мен жерди сага сатканмын. Ушул жерде эмне болсо ал сеники болот. Мен жердин астында эмне бар экенин билген эмесмин. Муну сага Кудай берди. Бала-бакыраңа жумша, — деп кумураны албайт.

Салим: «Жок, мен муну ала албайм. Биреөнүн акысына кыянат кылган болуп калам», — деп кумураны дагы Адилге сунат. Өз ара келише албагандан соң, алар казынын алдына барышат. Казы алардын сөзүн угуп:

«Андай болсо, муну айылдагы жакыр, кембагал адамдарга бөлүп бергиле», — деп кеңеш берет. Буга Адил да, Салим да макул болот. Мына ошентип, алар алтындарды айылдагы жакырларга, кембагал жана жетим-жесирлерге бөлүп беришет.

Ал эми Салим дыйкан болсо өз эмгеги менен адал күн көрүп, тилеген ой-максатына жеткен экен.

**Суроолор:**

1. Салим дыйкан жерден эмне таап алды?
2. Адил дыйкан эмне үчүн кумураны алган жок?

**Тапшырма:**

«Тилеген ой-максатына жеткен экен» деген сөздүн маанисин айтып бер.

*Шаады Саттар*

## БАКЫТ НЕДЕН БАШТАЛАТ?

Билесиңби
Айтмурат,
Бакыт
Неден башталат?
Бакыттын да өзү —
Бар акылы, көзү.
Канат кагып талыкпайт,
Ар кимге эле жолукпайт.
Ал жаныңда жүрөт,
Турат алга сүрөп.
Кимдин болсо —
Көп «беши»,
Арбын ыракмат, алкышы,
Жана дагы адеби,
Адал эмгекте колу —
Бакыт деген,
Мына ушундан башталат,
Түшүндүңбү,
Айтмурат.

**Суроолор:**

1. Бакыт деген эмне экен?
2. Бактылуу болуу үчүн эмнелер кылуу керек?

**Тапшырма:**

Ырды көркөм оку.

*Васила Полотова*

## МАКТАНЧААКТЫК АРТКА ТАРТАТ, КИЧИПЕЙИЛДИКТЕН АБРОЙ АРТАТ

Адам кичипейил болушу керек. Кичипейил адам эч качан мактанбайт, үнүн бийиктетип сүйлөбөйт.

Улуу бабаларыбыз Абу Али ибн Сина, Беруний, Алишер Наваий, Амир Темур, Улукбектер өз өмүрүндө көптөгөн изги иштерди жасашкан. Бирок бул инсандар өтө кичипейил болушкан. Дүйнөгө даңкы кеткен бул инсандар эч качан мактанышпаган.

Нуриза менен Гүлнур дос, курдаш. Бир нече карoo-сынактарда өздөрүнүн «Суу — баа жеткис байлык» деген аңгемелери менен катышып, сыйлыктуу орундарды ээлешкен. Бирок бул ийгиликтери менен эч качан мактанышпады. Бул жөнүндө телевидениеде жарыя кылынганда гана классташтары жана мектеп жетекчилери кабар таап, кыздарга «Ыракмат» дешти.

*Абдулла Мадалиев*

# АРСТАН МЕНЕН КУМУРСКА

(Жомок)

Чоң бир жыйында арстан керилип басканча жаныбарларды өзү менен күч сынашууга чакырып жаткан экен.

Бардык жаныбарлар унчукпастан жер тиктеп, арстан менен беттешүүгө жүрөк даап чыга алышпаптыр.

Ушул жерден өтүп бара жаткан кумурска «эмне болуп кетти экен», — деп чогулгандарды көздөй жолун бурат.

Анда арстан жаныбарларга карата:

— Эр болсоң мында чык! — дептир текеберлене.

Кумурска чогулган жаныбарларга бирбирден карап чыгат. Алардын эч бири мелдешүүгө чыгууга даай албайт.

Муну көргөн кумурска:

— Сени менен мен күч сынашам, — дейт.

Бул сөздү уккан арстан токойду жаңырта каткырып күлөт.

— Мени мыскылдап жатасыңбы? — дейт ачууланып, — сени оозумдун жели менен учуруп жиберемго.



— Жок, мен чындап айтып жатам, сени менен адал күч сынашсам дейм, — дейт кумурска кескин түрдө.

Жыйындагы чоң-кичине жаныбарлар коркуп, аларга карап турушат.

— Кана айтчы, кандай шартың бар? — деп сурайт арстан.

— Ар кимдин өз салмагына жараша жүк көтөрүшүн байкаштырып көрөлү, — дейт кумурска.

— Ушул элеби? — дейт Арстан анын сөзүн тоотпой жана өз салмагына тең келе турган жүктү абада ойнотуп көтөрүп жүрөт.

— Эми жүктү эки эсе көбөйтөбүз, — дейт кумурска.

Арстан бул шартты да орундатат. Бирок кийинки шарттарды аткаруу ал үчүн оңойго турбайт.

— Эми өз салмагыбыздан он эсе оор болгон жүктү көтөрөбүз, — дейт кумурска, эч бир кыйынчылыксыз түрдө жүктү көтөрүп.

Ал эми арстан өзүнөн он эсе оор болгон жүктү көтөрүүгө канча урунса да, ордунан жылдыра албаптыр.

Жеңип чыккан кумурсканы бардыгы куттуктаптыр.

**Суроо:**

Кумурска эмне үчүн жеңип чыкты?

**Тапшырмалар:**

Мактанчаактык жөнүндөгү макалдардан тап жана дептериңе көчүрүп жаз.

*Ибрахим Дааныш*

## АРЫК МЕНЕН СУУ

Күркүрөп, ташып,
Арыктан ашып.
Куп мактанды суу,
Салып мындай чуу:

— Менсиз эч бир жан
Жашаган качан?
Менсиз туралбайт,
Жаныбар, адам.

— Эй, токто, — деди,
Кокус ким бирөө.

— Биз арыктарды
Унутпа, дароо.

Сага туура жол
Көрсөтөбүз биз.
Инсанга дайым
Кызмат этебиз.

Андан бери суу
Мактабайт өзүн.
Абдан ойлонуп,
Соң сүйлөйт сөзүн.

**Суроолор:**

1. Суу эмне деп мактанды?
2. Арыктар эмне үчүн керек экен?

**Тапшырмалар:**

1. Ырды көркөм оку жана айтып бер.
2. Суу жөнүндөгү макалдарды жазып ал жана жатта.

## УБАКЫТ КАДЫРЫ

Ардактуу окуучу, убакыттын кадырына жет. Убакыттан өнүмдүү пайдалануу ар бир адамдын өзүнө байланыштуу. Сен 1-класста уба-

кытты кандай сарптоону билип алган элең. Ошондон бери сен ар бир мүнөт убактыңды пайдалуу жумуштарга сарптап, көп нерселерди билип



алдың. Чоң ата, чоң энелердин кеңештерине амал кылдың. Убакыт бир гана инсандар үчүн эле эмес, ошону менен бирге жаныбарлар, канаттуулар жана курт-кумурскалар үчүн да кадырлуу экен. Буга бир уламышта мындай деп айтылыптыр: Бир топ келгин куштар күзүндө жылуу өлкөлөргө учуп кетүүгө даярданышыптыр. Алардын арасында бир жалкоосу да бар экен. Эрте таңда учуп кете тургандарын билсе да, ойлонбой уктап жата бериптир. Бир кезде ойгонсо, дарак бутактарында бир да куш калбаптыр. Ал эмне кылаарын билбей, чыйпылдап, ыйлай баштаптыр. Муну көргөн бактектин ага боору ооруп:

—Тез бол, жонума отур, сени өз тобуңа жеткирип коёмун,—дептир. Бечара куш сүйүнгөнүнөн:

—Ыракмат,—деп, бактектин үстүнө чыгып алыптыр. Бактек алыстап бара жаткан куштарды көздөй учуптур жана жетип алгандан соң:

—Тигине туугандарың, алар менен чогуу кеткин! — дептир.

**Суроолор:**

1. Кичинекей куш эмне үчүн өз тобундагылардан калып кетти?
2. Кийин эмне болду?

**Тапшырмалар:**

1. Жомокту өз алдынча улант.
2. Бир мүнөттө кандай жумуштарды аткарууга боло тургандыгын сынап көр.

*Талип Жолдош*

## ХАМДАМ

Хамдамжандын атын,
Билип койгон апасы.
Ал баарына жардамчы,
Боло калса чамасы.
Коңшу-колоң Хамдамдан,
Ыраазы болот эрте-кеч.
Ага кызмат буюрсаң,
Жок деп айтпайт, сага эч.
Макул дейт да, аткарат,
Айтканыңды, билемин.
Орундатат жакшы бала,
Ата-эне тилегин.

**Суроолор:**

1. Хамдамды бардыгы эмне үчүн жакшы көрүшөт экен?

2. Ата-энеси Хамдамдын кандай бала болушун тилеген экен?

3. Сен Хамдамдын кайсы иштеринен үлгү алмакчысың?

**Тапшырма:**

Инсандарга жакшылык кыла турган курбуларыңдын аттарын ата жана алар жөнүндө айтып бер.

## МЭЭРИМДҮҮЛҮК



Зияда жолдо бара жатып, канаты сынган кичинекей кушту көрүп калды.

Аны колуна алып сылады. Андан соң үйүнө алып келип, ага камкордук кылды, бакты.

Кичинекей куш айыгып кетти. Ал Зиядага үйрөнүп калды. «Чыйк-чыйк» деп ага эркелене турган болду.

Эгерде Зияда бул кушту көрбөй, ага кайдыгер түрдө өтүп кетсе эмне болмок?

**Суроолор:**

1. Жаныбарлар менен канаттууларга кандай мамиледе болуу керек?

2. Кандай үй жаныбарларын багасың?

3. Жаныбарларды багууда кандай эрежелерге амал кылуу керек?

**Тапшырма:**

Кыш мезгилинде канаттууларга дан же нандын күкүмүн берүүгө адаттан.

## Макалдар

Адамгерчилик — улуу сапат,
Мээримдүүлүк — жакшы адат.

* * *

Кичипейилдик — адам көркү.


* * *

Кичипейилдиктин башы салам,
Саламдан келээр жакшы наам!




## Бөлүм боюнча тапшырмалар:

1. Бош чакмактарга жашырынган сөздөрдү тап жана дептериңе көчүрүп жаз.




2. Кичипейилдик жана мактанчаактык жөнүндө макалдарды тап.

3. Адамгерчиликке тиешелүү чакан аңгеме түз.




4. Схемаларды дептериңе сыз.

5. Биринчи схеманын айланасындагы бош чакмактарга жакшы жосундарды жаз.

6. Экинчи схеманын айланасындагы бош чакмактарга жаман жоруктарды жаз.

# V. БҮЙРӨ ЖАНА ТЫКАН БОЛУУ АДЕБИ



Кеңешип кескен бармак оорубайт.

* * *

Жети өлчөп бир кес.

* * *

Үнөмдөгөн узакка барат,
Үнөмдөбөгөн уятка калат.

* * *

Тама-тама көл болоор,
Тамбай калса чөл болоор.

*Бактыгүл Чотурова*

## БИЗДИН КОРООНУН БАЛДАРЫ

Балдары биздин короонун,
Ынтымактуу келишет.
Калыс болуп оюнда,
Күчтүүлөрү жеңишет.
Балдары биздин короонун,
Эстүү дешип баарысы.
Жакшы балдар турат дейт,
Жашы менен карысы.
Балдары биздин короонун,
Ата-энени сыйлашат.
Жардам берип улууга,
Отун-суусун жыйнашат.
Балдары биздин короонун,
Мекенди сүйүп өссөк дейт.



Көп окуп билип үйрөнүп,
Көп максатка жетсек — дейт.

**Суроолор:**

1. Балдар эмне кылышты?
2. Сен өз короондо кандай жумуштарды кимдердин катышуусунда аткарасың?

**Тапшырма:**

Айылда, мектепте боло турган ашарларга активдүү түрдө катыш.

## Макалдар

Эмгекти сүйбөгөн адам — эси жок наадан.

* * *

Эмгектин наны таттуу,
Жалкоонун жаны таттуу.

* * *

Эмгектен булчуң толот.

*Мухаббат Хамидова*

## БЕКЕРЧИДЕН БЕЗЕ КАЧ

Кыймыл адамдын өмүрүн узартат, ден соолугун чың жана күчтүү кылат. Жалкоо адамдар турмушта өтө кыйынчылык менен күн көрүшөт. Анткени алар эч бир ишти

аягына чейин толук аткарышпайт. Мындай адамдар эл-журттун урматына да ээ боло алышпайт. Бул жөнүндө элибизде «Бекерчиден безе кач» деген макал да бар. Убакыттын кадырын билбеген адам өз кадырын да билбейт.

Мерген аттуу бала күнү бою бекер жүрөт. Эч нерсеге кызыкпайт. Бир ишти баштаса чала калтырат. Апасы бир нерсеге жумшаса:

— Башым ооруп турат, бутум ооруп турат, — деп шылтоо кылат. Мектептеги окуусу да жакшы эмес. Курдаштары ар түрдүү ийримдерге барып, өнөр үйрөнүшөт. Ал болсо дайыма көчөдө.

Күндөрдүн биринде Мерген жерге карап туруп кумурскаларга көзү түшүп калды. Байкап көрсө, кумурскалар биринин артынан бири уюктарына дан ташып жатышыптыр. Мерген аларга карап туруп өзүнүн жалкоолугунан уялып кетти. Кичинекей кумурскалар ушунчалык жан үрөп иштеп жатышса да, чоң эле боло туруп, менин колумдан эч



кандай жумуш келбесе! Эч кимге пайдам тийбесе!.., — деп ойлонду.

Мына ушул күндөн баштап Мерген чын дилден иштөөгө, улууларга жардам берүүгө өзүнө сөз берди.

**Суроолор:**

1. Кандай адамдарды жалкоо десе болот?
2. Мерген эмне үчүн уялды?
3. Айланаңа кара, жалкоо, бекерчи балдар, кыздар барбы?
4. Сен аларга эмне дээр элең?



**Сүрөттөргө кара**

Бул бала эмне кылып жатат? Аны кандай бала дейбиз?



А бул баланычы?

Сен кайсы баладан өрнөк аласың? Эмне үчүн?

«Соо денеде соо акыл» дегенде эмнени түшүнөсүң?

Насаат:

Ким жасаса аракет,
Ошол табат береке.
Жасабаса аракет,
Кайдан келсин береке?

*Мухаммаджан Кошоков*

## КҮНКАРАМА МЕНЕН ТОЛКУНБЕК



Күнкараманын гүлү
Мисте боломун, дептир.
Эңсеп күндө Толкунбек,
Уста боломун, дептир.

Күнкараманын гүлү
Ачылыптыр, күлүптүр.
Мык кагам деп Толкунбек,
Колго балка уруптур.

Күнкарама гүлдөрүн
Күнгө карап жазыптыр.
Жасай албай үкөктү,
Толкун өңдөн азыптыр.

Күнкарама акыры
Бышып мисте болуптур.
Толкунбек да көп иштеп,
Чебер уста болуптур.

Же өсүмдүк, же адам,
Болсо тырышчаак, ылдам,
Дит коюп эмгек кылса,
Жетет сөзсүз максатка.

**Суроолор:**

1. Толкунбек жыгач уста болуу үчүн кандай аракеттерди жасады?

2. Сен кайсы кесиптин ээси болууну каалайсың?

**Тапшырма:**

Ар түрдүү кесиптердин аттарын дептериңе көчүрүп жаз.

*Махмуд Мурадов*

## КӨПҮРӨ

(Жомок)

Бар экен, жок экен, бир кең токой болгон экен. Анын ортосунан бир дарыя агып өтөт экен.

Токойдо арстан, араачы Кундуз, Аюу алп, Пил балбан, кернейчи Каз, сурнайчы Өрдөк, Көйрөң түлкү, уста Тоңкулдак, ырчы Булбул жана башка көптөгөн жан-жаныбарлар жашоочу экен.

Дарыянын эки жагында: Жолборс, Маймыл, Кирпи, Кабыландар жашашкандыктан,

өз ара катташууга өтө кыйналышчу экен. Дарыядан канаттуулар гана учуп өтүп, бири-биринин ал-абалын сурашчу экен.

Күндөрдүн биринде Арстан бардык жаныбарларды чогултуп:

— Дарыяга көпүрө салсак, тууган-урук бири-бириникине кеңири барып-келип турушат эле, — дейт.

Бул сөз жаныбарларга жага түшүп, токойдогулардын бардыгы ишке жапатырмак киришишет.

Кернейчи каз, сурнайчы өрдөк жана илегилектер добулбас уруп, жалпы жаныбарларды курулуш ишине чакырышат.

Араачы кундуздар чоң-чоң дарактарды кыркып жыгытышат. Пилдер устундарды токойдон сүйрөп чыгышат. Тоңкулдактар өткүр тумшуктары менен устундарды көзөп беришет. Аюу алп токмогу менен көпүрөнүн казыктарын кагат. Кыскасы, ар ким өз өнөрү менен ашарга катышат. Бир гана түлкү алардын алдында куйругун тарап, күзгүгө карап отура берет.

— Э көйрөң түлкү, — деди короз, — элдин баары көпүрө курууга жардам берип жатат, а сен эмнеге бул жеде чоюлуп жүрөсүң?

— Менин сулуулугумду көрдүңбү? — деди түлкү, куйругун ойнотуп, — мага көпүрөнүн



кереги жок, бир секирип, сүлкүлдөгөн куйругумду канат кылып дарыядан өтө берем!

Короз дагы сүйлөйүн деди эле, түлкү ага жулунуп кирди. Короз араңдан зорго качып калды. Бул окуядан курулуштагылар абдан капа болушуп, көпүрө бүткөндөн соң, түлкүнү андан өткөрбөөнү туура деп табышты. Короз бийигирээк дарактын бутагына конуп, айлананы күзөтүп турат.

Көптөн күткөн күн келип, көпүрө да бүтөт. Күндөрдүн биринде түлкүнүн да дарыянын аркы өйүзүнө өткүсү келип калат. Бирок, көпүрөгө жакындайм эле дегенде, короз бийик үн менен:

— Келе жа-тат!— деп кыйкыра берет.

Муну уккан Аюу алп түлкүнү көпүрөгө жакындатпай коёт.

Түлкү аркы өйүзгө өтүү үчүн чуркап келип бир секириптир да, шалп этип дарыянын ортосуна түшүптүр. Мунун бактына араачы кундуздар сууда чөмүлүп жаткан экен, аны куткарып калышат. Түлкү шалдырап артка кайтат. Муну көргөн жаныбарлар, канаттуулар боору эзилгенче күлүшөт. «Эмгектен качкандын абалы мына ушундай болот», — деп кыйкырат Короз.

Мына ошондон ушул күнгө чейин көйрөң түлкү — жалкоо түлкү деген атка калган экен.

**Суроолор:**

1. Токой жаныбарлары эмне кылышты?
2. Кайсы жаныбар бекерчилигинен жаман абалда калды?

**Тапшырмалар:**

1. Чогуу көпүрө курган жаныбарлардын аттарын жаз.
2. Жомоктун мазмунуна ылайык сүрөт тарт.

**Бөлүм боюнча тапшырмалар:**




1. Күндүн сүрөтүн дептериңе сыз жана анын айланасына үлгүдөгүдөй кылып эмгектин түрлөрүн жаз.
2. Эмгек жөнүндөгү макалдардан тап жана жатта.

# VI. КОНОК КҮТҮҮ АДЕБИ



## МЕЙМАН КЕЛСЕ

Мейман келсе үйүбүзгө,
Кубанабыз ансайын.
Чарчабайбыз, чаалыкпайбыз,
Кызмат кылып ар дайым.

## МАКАЛ

Урмат кылган урмат табат.

# КОНОК КЫЗДАР

Менин Самарканддык курбу кызым бар, биз дайыма кат жазышып турабыз. Жакында ал эжеси менен биздикине конокко келди. Өзү менен бирге Самарканддын тарыхына тиешелүү кызыктуу китеп жана сүрөттөрдү да, алып келди.

Самарканд абдан өзгөрүп, көркөм болуп кетиптир. Ал жерде ар эки жылда «Sharq taronalari» музыкалык фестивалы болуп өтөт экен. Бул жылдагы фестивал курбумда көп таасир калтырыптыр. Самарканд шаарында Регистан аянты бар,— дейт курбум. Ал ушул аянтта орнотулган сахна жасалгалары жана фестивалда катышкан жаш аткаруучулар жөнүндө айтып берди. Кийин мен да ага кооз Ташкентибиз жөнүндө сүйлөп бердим. Биздин шаарыбызда соңку жылдагы өзгөрүүлөр жана өткөрүлө турган аземдер менен тааныштырдым. Бул жылы шаарыбыздын 2200 жылдык тою болдудедим кубанып.

Айрыкча, Мустакиллик аянтындагы өзгөрүүлөр, ошондой эле «Жаштардын чыгармачыл үйү»нүн курулганын угуп курбум жана анын эжеси абдан кубанышты. Маеги-

биз кызыганынан убакыт өткөнүн сезбей калдык.

Иштен кайткан апам курбум менен эжесин көрүп сүйүндү. Алар менен сурашып болуп, үйдүн тазалыгы жана жасалгаланган дасторконубузга карап:

— Кызым кара, курбуларың келээри менен үйүбүз дагы да куттуу болуп кетти. Ошон үчүн да: «Конок менен үйгө кут-береке да келет» деп айтылат.

**Суроолор:**

1. Ташкентке меймандар каерден келди?
2. Сенин да башка шаар, облустарда жашоочу тааныштарың барбы?
3. Үйүңө күтүлбөгөн конок келсе, кандай кабыл аласың?

*Насиба Зиявиддинова*

## КОНОККО БАРГАНДА

Дилназаны чоң энеси конокко алып бармак болду.

Ал дароо жуунуп, чачтарын сылык тарады. Өрүп, бантик менен байлады. Кийин тырмактарына карады, алар таптаза болчу.

Дилназа көркөм, үтүктөлгөн көйнөгүн кийип, чоң энеси менен жолго түштү.

—Айланайын кызым, конокто өзүңдү жакшы туткун, макулбу?—деп чоң энеси эскертти.

—Макул, чоң эне—деди Дилназа.

Дилназа үйгө кирээри менен үй ээлерине салам берди. Бут кийимин бир четке чечип, чоң энесинин көлөчтөрүн да четирээкке алып койду. Үйдө өзүнө теңкур кыздар да бар экен.

—Конок-конок ойнойбуз,—деди үйдөгү кыздардан бири.

—Жок, доктор-доктор ойнойбуз,—деди анын сиңдиси.

—Үнүбүздү бийиктетип сүйлөбөйлү,—деди Дилназа, чоңдор жакты акырын карап коюп.

Кыздар акырындык менен коңшу бөлмөгө кирип кетишти.

Конокко жазылган дасторкон үчүн чоң энеси үй ээлерине ыраазычылык билдирди.

...Бул учурда Дилназа үйдөгү кыздар менен бирге алардын апасына да жар-

дамдашты. Жуулган идиштерди сүлгүдө аарчып турду.

Коноктор кетүүгө даярданып жатканда, үй ээсинин аялы мындай деди.

— Небереңиз Дилназа мага аябай жакты. Дагы келгениңизде, сөзсүз аны да ала келиңиз.

— Болуптур! — деди чоң эне.

Дилназа бул мактоодон өтө кубанды.

**Суроолор:**

1. Дилназа конокто болгондо өзүн кандай тутту?

2. Коноктон кайтаарда, үй ээлерине эмнелер деш керек?

**Тапшырма:**

Сен да конокко барганыңды айтып бер.

*Мээрим эненин аңгемеси*

## КИЙИНҮҮ АДЕБИ

Бир күнү мен сейилбакта эс алып отурган элем. Бир топ балдардын мугалимдери менен сейилбакта сейилдеп жүрүшкөнүнө көзүм түштү. Аларды көрүп суктандым.

Кийимдери көркөм, тыкан, өздөрүнө абдан жарашкан. Чачтары иреттелеген, кыздар аппак ленталар тагынып алышкан. Кандай гана бактылуу балдар экенин ойлоп, кубандым.

Ооба кийим инсанды сулуу кылып көрсөтөт. Балдар мектеп формасында жүргөнү жакшы. Үй кийими, иш кийими, уктаганда кийип жата турган кийимдери тартиптүү болсо, алардын дени соо болот. Орундукта аларды карап отурган элем, бир аздан соң алар мен жакка жакындашып, адептүүлүк менен салам беришти.

— Баракелде, балдарым! — деп аларды алкадым...

**Суроолор:**

1. Сейилбакта Мээрим эне кимдерди көрду?
2. Балдар кандай кийинген эле?
3. Кандай кийинсе балдардын дени соо болот экен?

**Тапшырмалар:**

Сен да бардык кийимдериңди таза, ireттүү тут жана кийилүүчү ордуна карап кий.

*А. Чойбекова*

## ЫЙМАНДУУ БЕКЗАТ БӨБӨГҮМ

Айтмырзатегин Бекзатты
Айтайын мисал келтирип.
Ушунчалык адептүү,
Бейбаштык кылбайт серпилип.

Эртелеп туруп дайыма,
Таптаза жуунуп-кийинет.
Саламын айтса баарына,
Улуулар угуп сүйүнөт.

Эң жакшы окуп сабагын,
Урматтайт эже-агайын.
Жардамын берип карыга
Ыраазы кылат далайын.

Ойнотот эч бир ыйлатпай,
Айтурган деген бөбөгүн.
Ар качан сыйлайт апалап,
Ыймандуу Бекзат жөлөгүм.

## Суроолор:

1. Бекзат кандай бала экен?

2. Адептүү, ыймандуу болуу үчүн эмне кылуу керек экен?


## Тапшырма:

Ырды көркөм оку.

## Бөлүм боюнча тапшырмалар:

1. Конок күтүү адеби жөнүндөгү макалдардан тап жана аларды жатта.

2. Ребусту чеч.



Берилген сүрөттөрдөгү нерсе жана жаныбарлардын баш тамгаларын кошуп оку.

# VII. ДОСТУКТУ БАРКТА!



## Макалдар

Жакшы көргөн досунан ат аяган жигитпи.

* * *

Уста менен дос болсоң,
наркескенин алаарсың.
Митаам менен дос болсоң,
бир балаага калаарсың.

* * *

Атаны сыйлаган абийир табат,
Энени сыйлаган элге жагат.

## КИМ ДОС?

Бектемир көчөдө достору менен ойноп, математикадан тапшырмасын даярдабады. Мектепке барганда классташы Урматтан көчүрүп алууну сурады. Урмат:

— Досум кел мен сага маселенин шартын жакшылап түшүндүрүп берем. Сен өзүң танаписте аны чечип аласың, — деп жооп берди.

Бектемир:

— Эх, сени. Мага дос эмес экенсиң,-деп капа болду. Алардын сөзүн угуп турган Аскар:

— Мына досум, менден үй тапшырмасын көчүрүп алагой — деп, Бектемирге дептерин сунду.

**Суроолор:**

1. Достук дегенде сен эмнени түшүнөсүң?
2. Сен эмне үчүн достошосуң?

**Тапшырмалар:**

1. Урмат менен Аскардын иштерине баа бер.

2. Досторуңдун аттарын жана алар жөнүндө сүйлөмдөр түз.

## ЭКИ ДОС



**Тапшырма:**

Сүрөттөргө карап, эки дос жөнүндө аңгеме түз. Балдарга ат коюп, аңгемени айтып бер.

**Суроолор:**

1. Эки дос каерге барды?
2. Эмне болду?
3. Бул эки баланы чыныгы достор десе болобу? Эмне үчүн?

## НАКЫЛ СӨЗДӨР

Достук — бардык байлыктардан кымбат.

* * *

Досуңду кыйын күндө сына.

* * *

Достук сыноодо билинет.

* * *

Чыныгы дос досунан эч убакта капа болбойт. Эгерде капа болсо да кечиримин кабыл алат.

**Тапшырма:**

Достук жөнүндө айтылган накыл сөздөрдү жаттап ал.

*Надыра Нарзуллаева*

## НАКЫЛ СӨЗ

Чоң атам абдан акылдуу адам. Ар бир сөздү макал жана накыл сөздөр менен айтат. Бир күнү мага:

— Балам, «Эмгек менен жер көгөрөт, достук менен эл», — деди жана өзүнүн өспүрүмдүк жылдарын эстеп, мындай деди:

— Биздин айылдын эли абдан кыйын абалда калган эле. Жерлерге суу чыкчу эмес. Эгиндер, дарактар куурап калчу. Ошол күндөрдүн биринде атам мага:

— Уулум, чоңоюп калдың, досторуң да көп. Тээтиги дөңсөөдөн арык казып, коңшулаш айылдан шаркырап агып жаткан дарыя суусунан биз жакка суу чыгарсак, кандай дейсиң? — деди.



Мен абдан кубанып кеттим. Атамдын сөзүн досторума да айттым. Алар да сүйүнүп, «макул» дешти. Ошентип, биз бир ай эмгектенип арык каздык, айылыбызга суу чыгардык.

Мынакей, азыр бул жерлер бак-дарактуу жерге айланды. «Достук — жеңилгис күч!» — деди чоң атам.

**Суроолор:**

1. Чоң ата небересине эмнелерди айтып берди?
2. Достор биригип эмне кылышты?
3. Чоң ата достук жөнүндө кандай макал айтты?

**Тапшырма:**

Достук жөнүндө чоң ата айткан макалды жазып ал жана жатта.

*Мухаббат Хамидова*

## КӨРКӨМ МААЛЕ

Маалебиз абдан көркөм, көчө жана сейилбактар дайыма таза, абат.

Маалебиздин балдары бири-бири менен ынак, дос. Жакында биз балдар аянтчасын уюштурууну пландаштырдык. Аянтчаны «Ынтымак» деп атадык. Анткени, балдар ынтымактуу болгону умтулушат. Ишембилик кылып, аянтчаны чөп-чардан тазаладык. Суу сээп тегиздедик. Биздин аракетибизди көргөн улуулар «азаматсыңар балдарым», — деп бизди шыктандырышты. Айрыкча, Ибрахым байке аянтчабызды спорт жабдыктары менен камсыздоого демөөрчүлүк кылды. Бардыгыбыз кубанып, спорт оюндарын баштап жибердик.

**Суроолор:**

1. Балдар кандай демилге көрсөтүштү?
2. Аянтчада кандай оюндарды уюштурушту?
3. Сенин маалеңде да балдар аянтчасы барбы?
4. Аянтчаны кандай ат менен атадың?

## МАКАЛ

Бириккен озот, бирикпеген тозот.

*Малика Рахманбекова*

## АКЫЛДУУ ЧОҢ ЭНЕ

(Уламыш)

Илгери бир заманда бир журтта кургакчылык болуп, эгиндер куурап калат. Дарактардагы мөмөлөр да быша электе эле соолуп, жерге төгүлүп түшөт. Эл абдан кыйналып, ачарчылыктан азап тарта баштайт.

Бул өлкөдөгү абалды уккан кошуна мамлекеттин залим падышасы ушул журтка көз артып, сансыз көп аскерин баштап бастырып келе баштайт.

Эл дүрбөлөңгө түшүп, жанын аман сактап калуу үчүн туш келди кача баштайт. Ошондо муну көргөн бир кары кемпир аларды токтотуп:

— Балдарым, медерлерим, — деди чоң эне бийик үн менен. — Ата журтту таштап кетүү — чоң күнөө. Элдин башына оор күн келген учурда минтүү эр жигиттин иши эмес. Ачкачылык деп ушинтип жаткан болсоңор, менде бир жемиш бар, ушуну бөлүп жегизейин, күчүңөргө — күч, кубатыңарга — кубат кошулат, — деп капчык көтөрүп чыгат. Адамдар карап турушса, капчык бош экен.



Араларында сабыры жок адамдар да бар экен. Алар:

— Эй чоң эне, капчыгыңызда эч нерсе жок го! — дейт. Буга жооп катары чоң эне:

— Шашылбагыла балдарым, шашкан шайтандын иши, — деди да капчыктын бир бурчунан бир даана мейизди алып, аларга көрсөттү.

— Мына, мен айткан жемиш, бул акыркысы, силерге буюрган экен, — деп таштын үстүнө мейизди коюп, бөлө баштады. Муну көргөн баягы сабырсыз адамдардан бири:

— Бул кемпир бизди жолдон калтырып, жоого тутуп бермекчи окшойт, — деди.

— Жок уулум, сабырдын түбү — сары алтын, үмүтсүз болбогула, мына мейизди кыркка бөлдүм, алып оозуңарга салгыла. Өзүңөрдү кандай сезип жатканыңарды бат эле билип аласыңар, — деди.

Адамдар мейизди тамшанып жешти. Ошол учурда бир укмуш болду. Мейиз жегендердин бардыгы өздөрүнө кандайдыр — бир күч-кудурет кошулгандыгын сезишет жана качуу жөнүндөгү пикирден кайтып, жоону көздөй биригишип жолго аттанышат. Үч күн-үч түнгө созулган салгылашуудан соң бир мейизди кыркка бөлүп жеген жигиттер түз эле чоң эненин алдына келип, таазим кылышат. Анткени алар жеңип чыгып, Мекендерин жоодон коргоп калышкан болчу.

**Суроо:**

Уламышта кандай накыл сөздүн мааниси туюнтулган?

**Тапшырмалар:**

1. Достор менен чогуу, биргеликте болууга адаттан.
2. «Бириккен озот, бирикпеген тозот» деген макалдын мазмунун айтып бер.

*Токтосун Самудинов*

## КӨКТӨМ

Күмүш нурун төккөн күн
Жаздан берет кабарды.
Жашаң чөбү көктөмдүн
Кытыгылайт таманды.

Байлангандай арканга
Жаз эркинен чыгалбай.
Жүгүрөбүз майсаңда
Күлкүбүздү тыялбай.

**Суроо:**
Акын ырда эмнелерди баяндайт?

**Бөлүм боюнча тапшырмалар:**

1. Чын достук жөнүндө айтып бер.
2. Айылыңды жакшыртууга активдүү катыш.
3. Ребусту чечип, жашыруун сөздү тап:



# VIII. КУБАНЫЧТУУ КҮНДӨРДҮ БЕЛГИЛӨӨ



*Кавсар Турдиева*

Журтубузда майрамдар көп,
Биз күтөбүз көңүл күсөп.
Куттуктайбыз баары-баарын,
Жакшы максат, тилек тилеп.

Жумурай-журт болгун эсен,
Уул-кыздар өссүн кенен.
Бейиш сындуу журтубуздун
Келечеги жаштар экен!

## АДЕП САКТА!

Ардактуу окуучу, майрамдарда, кино, театр, концерт жана башка ар түрдүү коомдук жыйындарга барганда да адеп сактоо зарыл:

— коомдук жыйындар башталганда бийик үн менен күлбөө;

— үндү бийик көтөрүп сүйлөшпөө;

— отурган орундан туруп, жүрбөө;

— концерт же башка аземдер бүтпөй туруп кетип калбоо.

Бул эрежелерге амал кылсаң, айланаңдагылардын эс алуусуна тоскоол болбойсуң жана алардын алкышына ээ болосуң.

Майрамдык аземдерде катышканда эң алды менен таза жана көркөм кийимдер кий, айланаңдагыларды майрам менен куттукта, дайыма ачык маанай менен жүр.

**Суроолор:**

1. Майрамдарда, кино, театр, концерттик аземдерде, алар өткөрүлүүчү жайларда өзүңдү кандай тутууң керек экен?
2. Эмне үчүн майрамдык аземдер же башка аземдер өткөрүлүүчү жайларда чуу салбастык керек?

**Тапшырма:**

Коомдук жайларда адептүү бол.

# КУТТУКТОО АДЕБИ



Ата-энелерди, үй-бүлө мүчөлөрүн, тууган-уруктарды, устат-тарбиячыларды жана досторду майрам жана эң кубанычтуу күндөрдө куттуктайбыз.

Куттуктоо оозеки же жазма түрдө болушу мүмкүн. Майрам күндөрү куттуктоолор болжолдуу түрдө төмөнкүчө жазылышы мүмкүн:

«Ардагым апа, Сизди майрам менен куттуктайм. Сизге чың ден соолук, бакыт-таалай каалаймын! Бактыбызга дайыма аман болуңуз!».

Мисалы, туулган күн менен куттуктоо каты төмөнкүдөй сөздөр менен жазылышы мүмкүн: «Досум Каныбек, сени эң кубанычтуу күнүң менен куттуктаймын. Сага ден соолук жана узак өмүр тилеймин!».

**Суроолор:**

1. Сен кимдерди куттуктадың?
2. Куттуктоо катыңда эмнелерди жаздың?

**Тапшырма:**

Өзүң куттуктоо катын жазып көр!

## ЭСТЕЛИК ДЕПТЕРИ

Ар бир адам сан жеткис окуяларга туш болот. Бирок алардын бардыгын толук эстеп калуу кыйын болот. Аларды унутуп жибербестик үчүн эстелик дептерин тутуу керек. Жашоодо болуп өткөн кызыктуу окуялар ошол эстелик дептериңе жазылат. Дептер адам улгайганда эстелик болуп калат.

**Бөлүм боюнча тапшырмалар:**

1. Төмөнкү схеманы дептериңе сыз жана толтур:




2. Бош чакмактарга үлгүдө көрсөтүлгөндөй кылып майрамдардын аттарын жаз.
3. Майрам, аземдерге барганда эмнелерге көңүл буруу керек экендигин айтып бер.

**Урматтуу окуучу!** Окуу жылы башталганда чоң ата жана чоң энелер сага жакшы тилектерди билдирген болчу.

Анда эмесе айтчы, «Адеп» окуу китебин окуп, эмнелерди үйрөндүң? Кайсы жомок, аңгемелер сага жакты? Кандай макалдар жана накыл сөздөрдү жаттадың? Макал жана накыл сөздөрдү чогултуп, чакан китепче жасадыңбы? Кайсы каармандарга окшогуң келет. Алардын сүрөттөрүн сыз, жакшы сапаттарын жаз.

Кандай темаларда аңгемелер түздүң?

Классыңдагы кайсы окуучуларды адептүү деп эсептейсиң? Алардын сапаттарын айтып бер.

**«Адептүү бала элге жагат»** деген макалды жаттап ал жана адептүү болууга аракет кыл!

Жайкы эс алуу учурунда «Адептүү балдар» деген темада аңгеме түз жана жаз.

## МАЗМУНУ


I. Сүйлөшүү адеби ........................................ 5
II. Ата-эне — кадырлуу жана ыйык инсандар .................... 10
III. Ата-бабалар мурасы — сыймыгыбыз ............... 20
IV. Жакшы сапат — мүнөз көркү ........................ 26
V. Бүйрө жана тыкан болуу адеби ..................... 45
VI. Конок күтүү адеби ................................ 56
VII. Достукту баркта! .................................. 63
VIII. Кубанычтуу күндөрдү белгилөө! ..................... 74

**Ижарага берилген окуу китебинин абалын көрсөтүүчү жадыбал**

| № | Окуучунун аты, фамилиясы | Окуу жылы | Окуу китебинин алынгандагы абалы | Класс жетекчисинин колу | Окуу китебинин тапшырылгандагы абалы | Класс жетекчисинин колу |
|---|---|---|---|---|---|---|
| 1 | | | | | | |
| 2 | | | | | | |
| 3 | | | | | | |
| 4 | | | | | | |
| 5 | | | | | | |
| 6 | | | | | | |

Окуу китеби ижарага берилип, окуу жылынын аягында кайтарып алынганда жогорудагы жадыбал класс жетекчиси тарабынан төмөнкү баалоо критерийлеринин негизинде толтурулат.

74.200.51
A12

**Республикалык максаттуу китеп фонду
эсебинен ижара үчүн басылды**

Жооптуу редактор:
профессор **Сафа Ачыл**

Рецензенттер:
ф.и.к., Республикалык Руханиятты үгүттөө борборунун башчысынын орунбасары **Султанмурат Алым**,
Республикалык Билим берүү борборунун «Социалдык илимдер»бөлүмүнүн башкы методисти **Фатима Халмырзаева**,
Өзбекстан Республикасынын Эл мугалими **Мунаввара Базарбаева.**

**Абдуллаева К. жана башкалар.**
АДЕП: 2-класс үчүн окуу китеби. 3-басылышынан котормо (авторлор: К. Абдуллаева, Х. Аликулова, С. Рахманбекова) Т.: «O'zbekiston» басма-полиграфиялык чыгармачылык үйү — 2010. —80 б.
Ушул басылмага тиешелүү укуктар коргоого алынат жана басмага таандык. Андагы текст жана сүрөттөрдү басманын уруксатысыз толук же бөлүктөргө бөлүп көчүрүп басууга тыюу салынат.
**BBK 74.200.51**

**QUMRI ABDULLAYEVA, HABIBA ALIQULOVA,
SITORAXON RAHMONBEKOVA**

## ODOBNOMA

2-sinf uchun darslik
*(Qirg'iz tilida)*

«O'zbekiston» nashriyot-matbaa ijodiy uyi.
«O'zbekiston milliy ensiklopediyasi» Davlat ilmiy nashriyoti.
Toshkent 100129. Navoiy ko'chasi, 30.

Которгон *Г. Тухтабаев*. Редактору *А. Юнусалиева*. Көркөм ред. *Х. Кутлуков*.
Техн. ред. *Т. Харитонова*. Компьютерде даярдаган *Б. Душанова*

Басууга уруксат этилди 05.04.2010. Форматы $70 \times 90^1/_{16}$. Офсеттик кагаз.
Арип түрү «Pragmatica». Офсеттик басма. Шарттуу басма табагы 5,85.
Басма табагы 6,47. Нускасы 147. Келишим № 10-584.
Өзбекстан басма сөз жана кабар агенттигинин «O'zbekiston» басма-полиграфиялык чыгармачылык үйүндө басылды. 100129. Ташкент шаары, Наваий көчөсү, 30.

ISBN 978-9943-01-036-9
© «O'zbekiston» БПЧҮ, өзгөртүүлөр менен, 2007-ж.
© «O'zbekiston» БПЧҮ, өзгөртүүлөр менен, 2010-ж.
© «O'zbekiston milliy ensiklopediyasi» МИБ, 2010-ж.